**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ
ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 19- декабры №122**

**Кызыл-Кыя шаарында каада-салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттарды тартипке келтирүүнү караган үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобонун аткарылышы боюнча**

Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин 2022-жылдын 18-майындагы №11/36 токтомунун аткарылуусун көзөмөлдөө максатында жана шаардык кеңештин Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия(диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 30-ноябрындагы №29 протоколуна таянып, Кызыл-Кыя шаарынын мэри А.Маткалыковдун 2023-жылдын 27-ноябрындагы № 01-8/2174 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаарында каада-салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттарды тартипке келтирүүнү караган үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобонун аткарылышы боюнча мэр А. Маткалыковдун маалыматы эске алынсын.
2. Каада салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттарды тартипке келтирүүнү караган үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобонун аткарылышын активдештирүү жагы шаар мэри А.Маткалыковго тапшырылсын.
3. Жобону аткарууга көмөк көрсөтүү үчүн Аялдар кеңеши, Аксакалдар кеңеши, шаардагы диний-кызматкерлер, үй жана кварталдык комитеттердин башчылары, ички иштер бөлүмү менен тыгыз иш алып баруу жагы шаардык мэрияга сунушталсын жана аткарылып жаткан иш-чаралар жергиликтүү ММКда чагылдырылсын.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия(диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**